# Алтын эрежеле

- Бири-бирин сыйлоо
- Кол көтөрүп сүйлөө
- Өз оюн айта билүү
- Бирөөнүн оюн уга билүү
- Убакытты туура пайдалануу
- Сабакка активдүү катышуу



# Тема: « Ата сыйлаган абийир табат,

# Эне сыйлаган элге жагат».



# Сабактын максаты:

- 1. Окуучулар ата-эненин, баланын, үй-бүлөдөгү ордун жана ролун билишет.
- 2. Ата-энеге кайрымдуу болууну үйрөнүшөт жана адамдын асыл сапаттары калыптанат.
- 3. Ата-энени урматтоо менен сабырдуу, адамгерчиликтүү, боорукер болууга тарбияланышат. Өз ойлорун кеңири айта алышат

*Ата сөзү алга тартат адамды,*
*эне сөзү эпке салат жаманды*





Атам менин жашоодогу тирегим,
Бүт мээримин чачкан эне билемин.
Ата-энем эч нерсеге алмашкыс,
Арнап келет бизге дайым жүрөгүн.

Ата-энеңдин батасы - бакытыңдын башаты.



Ата-эне – бул уул-кыздын эч нерсеге алмашкыс жана эч нерсеге теңдешсиз дөөлөтү!

Ата жана эне, бала деген ыйык сөздөр жаткан ушул үч түшүнүк комуздун  үч кылы сыңары өз ара айкалыша жаңырып, эл турмушунун бардык тарабын бирдей камтып, кыргыз элинин кылымдаган акыл-ой кеменгерлигин толук чагылдырып көрсөткөн туу дөөлөттөр болгон. “Ата-аска зоо, эне мөлтүр булак, бала шам чырак”.



Пайгамбарыбыз илгери айткан тура: "Ата-энең сенин жаннат дарбазаң, кааласаң аны тургуз, кааласаң аны бузуп сал. Ошол үчүн ата-эне - өмүр башаты, адам жашоосунун түбөлүктүүлүгүнүн тиреги!

Адам баласы ата-энесиз жаралбайт. Ошондуктан биз үчүн ата-энеден артык эч ким жок. Алардын баркына жетүүгө аракеттенели! Аларды сыйлайлы, татыктуу балдардан бололу. Ата-энеңдин жеңилин жерден, оорун колдон алалы!



# Ата-эненин үй-бүлөдө кандай орду бар?

Аны силер билишиңер керек, мисалы, ата-кара күч жагынан күчтүү, маселе чечүүгө чечкиндүү, үй-бүлөнү, ата-мекенин коргоочусу.

Кыргыз баласы атасын сыйлап төргө отургузуп ысык чайын сунган, атанын акылы менен акылдашып келген. "Ата көргөн ок жанат, эне көргөн тон бычат", - демекчи, атанын сөзү ок болот деп сестенип келген акылдуу улан-кыздар. Ата деген - башталыш. Деңиз суусу дарыядан, дарыя булактан башталгандай сен атадан башталгансың. Сен – атаңдын уландысысың.



Үй-бүлөдөгү эң чебер жана акылман – бул эне. “Аял үйдүн куту, турмуштун туткасы” – деп бекеринен айтылбаса керек.

Ал эми “Эне” – деген ким? “Эне” деген үч тамгадан турган сөз, өзүнө канчалаган кереметти камтып турат. Эне – бул дүйнөдөгү эң кымбат, эң ыйык асыл зат.



Эне бар үчүн биз барбыз, аалам бар, адам бар, турмуш бар, жашоо бар. Тогуз ай көтөрүп омурткасы сыздаган–эне! Жан жаратып, өмүр ыроолоп, жарыкка алып келген дагы–эне. Ошол күндөн баштап энелер жаныбыздан карыш жылбай, күнү-түнү өмүрүбүздүн узун болуусун, ден-соолугубуздун чын, келечегибиздин кең, ыйманыбыздын бар болушун, акылыбызды, адамгерчилигибизди тилеп сураган жан – ошол биздин энебиз.

Айкөл мээримине ар убак таазим кылыш керек балдары. Чын эле дүйнөнүн башаты – эне эмеспи. Эненин эмгеги эч нерсеге тең келбейт тура. Ак сүтүн берип торолтконучу, түн уйкусун үч бөлүп, үстүңдө көпөлөктөй айланып, кара-жанын карч уруп, сени эрезеге жеткиргеничи?


АТА ЭНЕГЕ
«УФ-Ф!
ДЕП ДА АЙТПА!
АЛАРДЫ КАЙТАРБА ЖАНА
АЛАРГА СЫЛЫК ГАНА
СӨЗДӨРДҮ СҮЙЛӨ»
(Исра 23-аят)

## Энелер жонундо ыр.

Эне болот уй булодо нурун чачкан
Эне болот жарыктыкка сени тапкан
Эне болот боπолотуп мээрим тогуп
Эне болот ак бешикке болоп баккан



